**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

Диссертациялык кеңеш д.07.11.025

Кол жазма укугунда
**УДК: 947.1 (575.2) (043.3)**

**Кубатова Айида Эсенкуловна**

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫ: ЖАДИДЧИЛЕРДИН КООМДУК-САЯСИЙ, МАДАНИЙ ЖАНА АГАРТУУЧУЛУК ИШ-АРАКЕТТЕРИ (1900-1916-жж.)

**07.00.02 – Ата мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун Кыргызстандын XX-XXI кк. тарыхы бөлүмүндө аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Акылбек Джуманалиевич Джуманалиев**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору **Махмуд Мамаевич Күчүков**

тарых илимдеринин кандидаты **Гульнара Дауталиевна Курумбаева**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмү дареги: 720044, Бишкек ш., Тынчтык пр., 56.

Диссертация 2013-жылдын “22”февралында саат 13.00до Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.11.025 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071. Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2013-жылдын 22-январында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору, профессор Ш.Д. Батырбаева

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденүүчү теманын актуалдуулугу.** Кыргызстандын эгемендүү өлкө болгону жана буга байланыштуу жаңы социалдык-саясий өзгөрүштөр коомдук аң-сезимди да бир кыйла өзгөртүүлөргө дуушарлантты. Мындай шартта өткөн тарыхты объективдүү чагылдыруу – жалпы улуттук биримдүүлүктүн, көз каранды эместиктин калыптануусунун жана мекенчилдикке тарбиялоонун негизги факторлорунан болуп калат. Өткөөл мезгилдин шартында Кыргызстан үчүн, коомдук турмуштун көп кырдуу жактарын дыкаттык менен карап чыгып баа берүү, руханий баалуулуктарды кайрадан жандандыруу – бүгүнкү күндүн маанилүү маселелеринин бири.

XX кылымдын башында Борбордук Азия аймагы реформалардын, жаңылануунун, көз карандысыздык үчүн күрөштөрдүн аренасына айланган. Аймакта жаңыдан пайда болгон капиталисттик мамилелердин натыйжасында бир кыйла өсүштөр болгону менен өлкө артта калган жана ага колониялык эзүүнүн залдары тийген. Ушундай шартта алдыңкы мусулман интеллигенциясы социалдык жана колониялык эзүүнүн негизги себеби катары элдин сабатсыздыгын жана түшүнбөстүгүн эсептешкен. Ошол мезгилде пайда болгон жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү аракеттерин алгач агартуучулуктан баштапып, бара-бара коомду түп тамырынан өзгөртүүгө багытталган коомдук-саясий кыймылга айланган.

XIX кылымдын аяк чени XX кылымдын башында пайда болгон жана өткөн кылымдын 20-жылдары совет бийлиги тарабынан жок кылынган жадидчилик кыймылы учурда Борбордук Азияда гана эмес, чет жактарда да кызыгууну жаратууда. Франция, Түркия, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстанда, Татарстан Республикасында ж.б. өлкөлөрдө бул маселенин үстүндө бир топ алгылыктуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп жатса, бизде бул маселе атайын изилдөөгө алынган эмес. Ошондуктан, бул маселенин актуалдуулугу төмөндөгүдөй факторлор менен аныкталат:

- Көз карандысыздыктын шартында XIX кылымдын баш чени – XX кылымдын башында пайда болгон коомдук түзүлүштү, элдин турмушун, аң сезимин өзгөртүүгө, ошондой эле улуттук руханий баалуулуктарды сактоого багытталган жадидчилик кыймылынын бүгүнкү күндөгү жаңылануууларга үндөштүгү;
- Түркстан аймагындагы бул прогрессивдүү кыймылга Кыргызстан аймагындагы коомдук ишмерлер, агартуучулар, жазгыч акындар ж.б. активдүү катышуусу;
- Кыргызстандагы жадидчилердин мектептерди ачуу менен гана чектелбестен, саясий иштерге да катышуусу;
- Жадидчилер тарабынан жарыяланган, бирок толугу менен турмушта ишке ашпай калган идеялардын бүгүн да актуалдуулугу;
- XX кылымдын башындагы жазгыч акындардын, агартуучулардын, кыргыздын алгачкы тарыхчылары Осмонаалы Сыдык уулу, Белек

Солтоноев, И.Арабаев, Талып Байболот уулу, Ы.Абдрахманов ж.б. эмгектери ошол мезгилдеги элдин коомдук-саясий жана маданий турмушунун маселелери боюнча уникалдуу тарыхнаамалык булак катары каралгандыгы менен аныкталат.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери:** Тарыхый булактарды ар тараптуу изилдөө менен XX кылымдын баш ченинде жадидизм кыймылынын Түркстанга, ошондой эле Кыргызстан аймагына таралышын, алардын агартуучулук, коомдук-саясий иштерин ачып көрсөтүү милдети турат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттерди** аткаруу керек:

- жадидчилик кыймылынын пайда болушу, татар, башкыр, казак ж.б. агартуучулардын кыргыз жергесиндеги иш аракеттерин, ошондой эле Түркстанда жадидчилик кыймылынын улуттук боштондук кыймылдарынын башаты болгондугун ачып көрсөтүү;
- жадидчилик кыймылынын кыргыз жергесиндеги өзгөчөлүктөрү жана жадиддик мектептердин ачылышы. Жадиддик басма сөз каражаттарында кыргыз жергесиндеги саамалыктардын чагылдырылышы;
- жадиддик мектептердин артыкчылыгын ошол мезгилде билим алган инсандардын – И.Арабаев, К.Мифтаков, Ы.Абдрахманов жана С.Карачевдин жазган кол жазмалар фондундагы жана архивдик булактардын, ошондой эле О.Сыдыковдун, Б.Солтоноевдун, Б.Кененсариндин эмгектеринин негизинде талдоо;
- Түркстан аймагындагы жадидчилердин саясий иш аракеттерине кыргызстандык жадидчилердин катышкандыгын Жети-Суу аймагындагы мусулмандардын биринчи съезди, Узун-Агач съезди, Бүткүлроссиялык мусулмандардын үчүнчү съезди аркылуу далилдөө;
- Бул прогрессивдүү кыймылдын эл арасында, ошондой эле жергиликтүү манаптар тарабынан да зор колдоого ээ болгондугун ачып көрсөтүү;
- Кыргызстан аймагындагы жарыкка чыккан алгачкы эмгектерге кайрылуу, агартуучулар – Ишенаалы Арабаев, Закир Вагапов, Сабир Габдельманов, Салих Надыршин, Алдаш Молдо, Талып Молдо, Мүсүралы Копобаев, Абдраим Чункелеевдин агартуучулук иш аракеттерин ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертацияда Кыргызстан аймагындагы жадидчилик кыймылын илимий анализдөө, салыштыруу жана жалпылоонун негизинде изилдөөгө алгачкы аракеттер жасалды.

- Алгачкы ирет иш процессинде чарбасы, анын негизинде турмушу да көчмөн турмушка негизделген кыргыз жергесинде да Түркстандын башка аймактарындай эле жадидчилик кыймылы калыптанып, элдин коомдук-социалдык турмушуна зор таасирин тийгизгендиги чагылдырылган;

- Кыргызстандык жадидчилердин Түркстан аймагындагы жадиддик уюмдардын мүчөлөрү менен байланыштары көрсөтүлгөн.
- Биринчи жолу тарыхта Шабдан Жантай уулунун, Канат Ыбыке уулунун, Сооромбай Дүр уулунун, Ахматбек Койбагаровдун, Ишенаалы Арабаевдин аймактагы жадидчилик кыймылындагы коомдук-саясий зор ролу жана иш аракеттери чагылдырылган.
- Жадиддик мектеп-медреселеринин кыргыз улуттук интеллигенциясын даярдоонун башаты болгондугун жана алардын улуттук аң сезимдин, боштондук идеологиясынын калыптануусуна тийгизген таасири жөнүндө сөз болгон;
- Биринчи жолу И.Арабаев жана К.Мифтаковдун өмүр таржымалдарын (өздөрү жазган) салыштыруу мененалардын Уфада “Галия” медресесинде окуп жүргөн жана совет бийлигинин тушундагы иш аракеттери, Ы.Абдрахманов, Алдаш Молдо, Талып Молдонун кол жазмаларынын негизинде жадиддик билим берүүнүн артыкчылыктары чагылдырылган.

**Иштин илимий-теориялык жана практикалык мааниси.**

Диссертациялык иштин материалдарын, негизги бүтүмдөрүн жана жоболорун Кыргызстандын XX кылымдын башындагы тарыхын окуп-үйрөнүүдө, жогорку окуу жайлары, жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китептерин жазууда пайдаланса болот. Ошондой эле диссертациянын материалдары элибиздин тарыхый мурасын эл арасына жайылтууга жана окуп үйрөнүүдө, улуттук идеологияны калыптандырууга да таасирин тийгизе алат.

**Коргоого алып чыккан жоболор:**

1. Алгач Россия мусулмандарынын ичинде, кийин Түркстан аймагында күч алган жадидчилик кыймылы Кыргызстан аймагына да тарап, бул кыймылдын өкүлдөрүнүн иш аракеттери кыргыз коомунун өнүгүүсүнө да таасирин тийгизген.
2. Кыргызстан аймагындагы татар, башкыр, казак агартуучулары мектеп-медреселердин ачылышына, калктын сабатсыздыгын жоюуга салым кошушкан.
3. Кыргыз жергесиндеги жаңы усулдагы мектептердин мурдагы кадим, ал турсун орус-жергиликтүү мектептерге салыштырганда да алардын артыкчылыгы далилденген.
4. Жадиддик басма сөз каражаттарынын калктын аң-сезимин жогорулатууга, көз карандысыздын идеяларынын таралуусуна, сабатсыздыкты жоюудагы ролу жана андагы аз да болсо жарык көргөн кыргыз коомчулугунун турмушу, андагы мектеп-медреселер жөнүндөгү маалыматтарды чагылдыруу аркылуу басма сөз каражаттарынын кыргыз коомуна таралышын, агартуучулардын алар менен байланышы көрсөтүлгөн.
5. Орус колониялык саясатына кыргыз коомундагы таасирдүү инсандар наразылык билдирип турушкан.

6. Пишпек, Токмок, Каракол жана Ош шаарларында жадиддик «Гап» же «Машраб», кайрымдуулук уюмдары уюшулуп, алардын мүчөлөрү коомдук-саясий, маданий, агартуу иштерин активдүү жүргүзүшкөн.
7. Түркстан аймагындагы жадидчилердин коомдук-саясий, маданий иш аракеттерине кыргызстандык жадидчилер да катышып, алар менен байланышта болушкан.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы:**

- Кыргыз жергесинде Россиянын жана Түркстандын башка аймактарындай эле жадидчилик кыймылынын калыптанышы, жадидчилердин калктын коомдук-социалдык турмушундагы таасири архивдик булактардын, илимий изилдөөлөрдүн негизинде алгач ирет аныкталган.
- Изилдөөдө мурдатан белгилүү булактар жаңы материалдардын негизинде анализденген жана жаңы көз караштa баа берилген.
- Кыргызстан аймагындагы жаңы усулдагы мектептер жөнүндөгү мурдагы маалыматтар кошумчаланып, алардын саны тастыкталган.
- Аймактагы жадидчилердин Түркстандын жадидчилери менен биргелешкен саясий ишмердүүлүктөрү талдоого алынган.
- Жадидчилер Россияга каратылган аймактардагы улуттук-боштондук кыймылдардын башатында тургандыгы ачып көрсөтүлгөн.

**Илимий изилдөөнүн апробацияланышы.** Иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары КР УИАнда, Ж.Баласагын атындагы КУУ, И.Арабаев атындагы КМУда, М.Кашгари атындагы Чыгыш университетинде, Б.Ельцин атындагы КРСУда өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда, КМШ өлкөлөрүнүн Ереван, Минск, Бишкек шаарларында өткөрүлгөн жаш тарыхчылар мектебинде, тегерек столдордо доклад иретинде окулган жана талкууланган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү.** Диссертациянын мазмунун чагылдырган изилдөөнүн жыйынтыктары “Шабдан баатырдын медресесине 100 жыл” (2009) эмгегинде, “Тоголок Молдонун көп кырдуу көркөм дүйнөсү” (2011) деген эл аралык илимий-практикалык конференциянын, “Эгемендүү Кыргызстанга 20 жыл” (2011) эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдарында жана Россия Илимдер академиясынын “Историческое пространство (проблемы истории стран СНГ)” журналында ж.б. чагылдырылган. Жалпы он эки илимий макала, бир монография (“Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900-1916)”. – Бишкек, 2012) жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык изилдөө киришүүдөн, үч главадан, корутунду, пайдаланылган булактардын, архивдик материалдардын, адабияттардын тизмеси жана кошумча тиркемелерден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Биринчи главасы "**Изилдөөнүн тарыхнаама-булактары жана методологиялык принциптери"** деп аталып,тарыхнаама жана булактаргакеңири баяндама берилген жана анын негизинде диссертациялык иштин максаты жана милдеттери коюлган, методологиялык жолдонмо белгиленген.

Революцияга чейинки Түркстандын агартуу тарыхына арналган эмгектердин ичинен С.М.Граменицкийдин [31, 32] К.Е.Бендриковдун [17], Н.А.Бобровников [19], Н.П.Остроумов [75] ж.б. эмгектерин белгилеп кетсе болот. Алар жалпы эле Түркстан аймагындагы билим берүү процессин чагылдырышып, мусулман мектеп-медреселеринин, орус-тузем мектептеринин абалына баа беришкен. Алардын катарына бүгүнкү күнү кыргыздын алгачкы тарыхчысы катары эсептелген О. Сыдыков [86] жана Б.Солтоноевдин [85] да эмгектерин да кошсок болот. Изилденип жаткан маселе боюнча О.Сыдыковдун эмгеги олуттуу мааниге ээ экендигибелгилөөгө арзыйт. Анткени, О.Сыдыков өзү биз изилдеп жаткан доордун жашоочусу жана ошол мезгилдеги жаңы усулдагы мектептен билим алып, ар бир уруунун кыскача тарыхын берүү менен катар алардын ичиндеги билимдүүлөрүн атайын белгилеп кеткендиги менен бирден бир маанилүү булак болгондугун белгилей кетүү абзел.

Советтик изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде коммунисттик идеологиянын чегинде жазылган эмгектер арбын болгону менен, андагы берилген маалыматтар, фактылар кайрадан карап чыгып, объективдүү баа берүүгө муктаж. Алардын ичинен, В.В.Бартольддун Түркстан аймагынын маданий турмушун ар тараптуу изилдеген көп жылдык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы болгон эмгектеринде [12,13] аймактагы элге билим берүүнүн калыптанышы, өнүгүүсү чагылдырылган.

А.Э.Измаиловдун монографиясында [42, 43] негизинен республикадагы советтик мектептердин тарыхын чагылдырылып, ал эми революцияга чейинки билим берүү системасы кыскача гана каралган.

Д.Айтмамбетовдун илимий эмгектери [5,6] революцияга чейинки Кыргызстандын мектептеринин тарыхын системага салып изилдөөгө жасалган алгачкы аракет болуп эсептелет. Ал мектептердин пайда болуу тарыхына кайрылып, окутуу ыкмаларына жана мектеп-медреселерге мүнөздөмө берген. Д.Айтмамбетов архивдик маалыматтарды кеңири пайдалануу менен орус-жергиликтүү, жаңы усулдагы мектептердеги, медреселердеги окутуу ыкмаларына талкуу жүргүзүп, баалуу маалыматтарды берген. Совет мезгилине таандык эмгектерде негизинен орус-жергиликтүү мектептердин ролун айрыкча белгилешип, салттуу билим берүү системасы, жаңы усулдагы мектеп-медреселердин ролу төмөндөтүлүп көрсөтүлгөн. Буга карабастан, Ж.Жунушалиев белгилегендей, "мезгил талабына жараша өткөндү каралаган көз караашта болгондугуна жана кемчиликтерине

карабастан, ал мезгилдин изилдөөчүлөрү Кыргызстан тарыхын илимий изилдөөдө алгачкылардан болуп кала берет [101].” Окумуштуу 20-жылдардын баш ченинде совет бийлигине оппозициялык маанай пайда болгондугун белгилөө менен А.Сыдыков, И.Арабаев, Ю.Абдрахманов ж.б. кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнө кеңири токтолгон.

Совет доорундагы изилдөөчүлөр жадидчилик кыймылын, алардын агартуу, коомдук-саясий жана маданий иш аракеттерин изилдеген учурда мезгил талабына жараша, таптык көз караштa карашып, жадидчилерди пантүркчүлөр, панисламчылар деп аташып, бир тараптуу баа беришкен. Буга карабастан, окумуштуулар өз эмгектеринде архивдик маалыматтарды, оозеки маалыматтарды кенен камтышып, ошол мезгилдеги шартты так көрсөтүшкөнү, учурда ал окуяларды объективдүү көз караштa карап чыгууга өбөлгө түзөт.

Жадидчилик кыймылынын активдүү катышуучусу, өзбек элинин көрүнүктүү саясий жана коомдук ишмери Ф.Ходжаев [92] Бухара, Ташкент, Фергана жана Самаркандда жадиддик уюмдардын курамында алгач айрым бир прогрессивдүү адамдардан турган маданий-агартуу топторунун түзүлгөндүгүн белгилеп жана жадиддик уюмдардын агартуу иштеринен тышкары, алардын коомдук-саясий аракеттерине кеңири токтолгон. Ал айрыкча, Бухарадагы кыймылдын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөткөн. Бухарада алгач жадидчилердин аракеттери бийлик жана дин кызматкерлери тарабынан катуу каршылыкка кабылган. Автор мисал катары, 1908-жылы Абду-Вахид Бурханов жана Низамеддиндин жаңы усулдагы мектептеринде окуучулар үчүн ата-энелери, молдолор жана шаардын белгилүү адамдары катышкан экзамендерди уюштурушкандыгын чагылдырган. Экзамен учурунда коомчулук эки каршы тарапка бөлүнүп калышкан. Бул кагылыш жадидчилик менен кадимчиликтин же эски менен жаңынын ортосунда болуп, жалпы Бухара коомчулугу экиге бөлүнүп калган.

Белгилей кетчү жагдай, ушундай көрүнүштөр бардык эле жаңы усулдагы мектептер ачылган жерлерде болгон. Маселен, жадидчиликтин башаты болгон татар элинин ичинде да араб алфавитин өзгөртүп, андагы мурда болбогон тамгаларды кошуп, татар тилинде жокторун алып салып, ыңгайлаштырып окутууну киргизген жадидчилерге каршы кадимчилер бул фактыны аргумент кылып алышкан. Алардын пикири боюнча, араб алфавитин өзгөртүүгө мүмкүн эмес, анткени анын тамгалары Куран менен бирге асмандан түшкөн деп түшүндүрүшкөн. Ал эми анын айрым тамгаларын алып салуу Куранга шек келтирет дешкен. Мындай фактылар окутуунун жаңы ыкмасы мектептин чегинен чыгып, социалдык-саясий жана идеологиялык мүнөзүн көрсөтүп турат деп изилдөөчү Я.Г.Абдуллин [3] көлөмдүү чыгармасында көрсөткөн.

Окумуштуу А.Чукубаев [93] революцияга карата түрдүү таптардын аң сезиминдеги өзгөрүштөрдү чагылдыруу менен жалпы Түркстан аймагы сыяктуу эле Кыргызстанда да жаңы усулдагы мектептердин Пишпекте, Токмокто, Ошто, Чоң-Кемин, Пржевальск жана уезддин башка

болуштуктарында ачылгандыгын көрсөтүү менен алардын улутчулдук идеялардын таралышынын башаты болгондугун белгилеген. Токмоктогу “Экбалия” медресесине Казань, Уфа, Троицк шаарларындагы диний жогорку медресе, семинарийлерден билим алып келген мугалимдер чакырылып келгендигин жана алардын ичинде З.Вагапов, М.Смаков, Н.Мамин эмгектенишкендигин көрсөткөн.

Көпчүлүк советтик окумуштуулар жадидчилик кыймылын изилдеген учурда, аларды буржуазиялык улутчулдук, панисламизм, пантүркизм идеяларын пропагандалаган контрреволюциялык кыймыл катары кароого аракеттенишкен. Мисалы, Х.Вахидов [24] жадидчилердин адеп-ахлактык, диний жана социалдык фразаларга, билдирүүлөргө жана убадаларга жыш толгон “улуттук жалпылык”, “мусулмандардын кызыкчылыктарынын биримдиги” жөнүндөгү үгүттөөлөрү алардын контрреволюциялык маңызын жаап жашырууга багытталган деп белгилейт. Чындыгында жадидчилер улуттук баалуулуктарга, патриоттуулукка өтө аяр мамиле жасашып, цивилизациянын жетишкендиктерин турмушта пайдаланууга үндөшкөн. Кийинки учурда бул маселелер коомчулукта кызыгууну жаратып жана натыйжада көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлдү. Алсак, Д.А.Алимова [7] жадидчилер эч качан улуттук кызыкчылыктар менен чектелбегендигин белгилеп, алардын батыш цивилизациясын жактагандыгын: Батыш ал учурда технология жана өндүрүштүн өнүгүү деңгээли жана технологиясы далай алдыга кеткендиги менен түшүндүрөт. Алар келечектеги мамлекеттик түзүлүштү бардык улуттардын биримдигине негизделген түзүлүш катары карашкан.

90-жылдары бул маселени изилдөөдө жаңы багытта, коомчулукта тарыхты объективдүү көз караштa караган изилдөөчүлөрдүн эмгектери пайда боло баштаган. Алсак, К.Каракеев, Дж.Джунушалиев [101], А.Джуманалиев [36], В.М.Плоских [78], З.Курманов [56], Э.Маанаев [60], Г.Курумбаева [105], А.Табышалиева [88], Ж.Алымбаев [8], Н.Курбанова [103] ж.б. эмгектери көнүл бурууга арзыйт. Айрыкча, З.Курмановдун пикири боюнча, “жергиликтүү интеллигенциянын көпчүлүк бөлүгү антиколониялык позицияда турушуп, революция мезгилинде боштондук күрөшкө жигердүү катышкан.” Кийин алардын катарынан улуттук-боштондук күрөшүнүн белгилүү жана абройлуу өкүлдөрү чыккан. Революцияга чейинки көчмөн коомчулугунун абалын анализдеген автор, уруу башчыларынын, интеллигенция, колониялык администрациянын кызматкерлеринен, студенттер жана окуучулардын катарынан чыккандардын күчү жана аракети менен Кыргызстанда коомдук, улуттук маанайды туюндурган бийликтин саясатына каршы чыккан түрдүү партиялар, ийримдер пайда болгон деген тыянак чыгарат.

Ал эми көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Ж.Абдрахманов [1]1916-жылкы көтөрүлүштү жергиликтүү калктын улуттук-боштондук күрөшү менен тыгыз байланыштырып, кыргыз букаралары Алаш-Ордонун өкүлү, кийин Кокон автономиясынын жетекчилеринин бири – М.Тынышпаевди

колдогондугун белгилеген жана ал Түркстандагы басмачылык кыймылы Кокон автономиясынын талкаланышы менен башталган деген бүгүнкү күндө көптөгөн изилдөөчүлөр тарабынан далилденип жаткан ой пикирин алгачкылардан болуп билдирген.

В.М.Плоских улуттук интеллигенциянын лидерлерине жана саясий репрессияларга архивдик материалдардын негизинде кайрылган.

А.Джуманалиев [36] Кыргызстандын саясий тарыхына арналган эмгегинде: “19-кылымдын аяк чени–20-кылымдын баш ченинде Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун негизги мазмунун россиялык колониялык көз карандылыктан чыгуу, жалпы түрк мамлекетин (пантюркизм), бирдиктүү мусулман мамлекетине биригүү максатын көздөгөн өз ара чырмалышкан улуттук-боштондук жана диний маанайдагы кыймыл түзгөн” деп көрсөткөн. Анын пикиринде, бул идеялар улуттук интеллигенциянын арасында жадидчиликтин жана анын жактоочуларынын маданий-агартуу иш аракеттеринин таасири алдында жаралган.

Э.Маанаев, З.Курманов, Г.Курумбаеванын [60] эмгегинде улуттук интеллигенция коомдук-тарыхый жана маданий тажрыйбаны сактаган жана өткөрүп берүү милдетин аткарган социалдык көрүнүш катары берилген.

З.Курманов [56] Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгону, тарыхый булактаануу жаңы фундаменталдуу эмгектер менен толукталып жатканын белгилеп, 20-30-жылдардагы А.Сыдыков, Ю.Абдрахманов, И.Арабаев, И.Айдарбеков, С.Чоңбашев, Т.Худайбергенов, Д.Зульфибаев, О.Тынаев, К.Тыныстанов сыяктуу көрүнүктүү ишмерлерге карата тарыхый чындык калыбына келтирилип, ысымдары түбөлүккө сакталганын далилдейт. Ал ошондой эле ашынып кеткен “академизациянын” азабынан айрым тарыхчылар илимде зор мааниге ээ болгон адабий стилде жазылган эмгектерди олуттуу карашпай калгандыгы белгилүү деп белгилеген. Тарыхый илимий эмгектерди илимий аргументация, булактарды анализдөө жана адабий баяндоо аркылуу жаратуу керектигин айтат.

Бул жерде чындыгында эле С.Жигитов [39], Б.Кененсарин [54], С.Сасыкбаев [84], З.Бектенов [16] ж.б. көрүнүктүү адабиятчыларыбыздын чыгармаларында жадиддик мектептер, агартуучулар жөнүндө маанилүү маалыматтар камтылгандыгын белгилей кетүү абзел.

С.А.Мамытовдун [62] изилдөөлөрү жаңы фактылар, архивдик маалыматтар жана автордун жаңыча көз карашы менен жазылып, илимий чөйрөдө кызыгууну жараткан. Анда ошол мезгилдеги жадиддик окуу жайларын аяктаган кыргыз жана татар агартуучулары, алардын агартуучулук жана маданий чөйрөдөгү иш аракеттерин, байланыштарын бир кыйла толук чагылдыргандыгы менен баалуу. Ушундай эле маалыматтар С.Байгазиев [11], А.Осмонкулов [75], С.А.Тиллебаевдин [90]эмгектеринде да берилген.

Бул багытта Өзбекстандын окумуштуулары Р.Абдуллаев, С.Агзамходжаев, И.Алимов, А.Голованов [91] ж.б. тарабынан XX кылымдын башындагы Түркстан тарыхынын жаңы концепциясын түзүүгө аракеттер

жасалган. Анда аймактын коомдук-саясий маселелери жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү бирдикте каралган.

Изилдөөчү Д.Алимова [7] жадидчилик кыймылы Түркстандагы көптөгөн саясий күчтөрдүн ичиндеги бир кыйла прогрессивдүү багытта экендигин көрүнүктүү жадидчи М.Бехбудинин мисалында белгилеген. Автор бул кыймылдын баалуулугун көз каранды эместиктин улуттук идеологиясынын негизин түзүү менен, “уктап жаткан” Чыгышты ойготуп, колониялык режимдин натыйжасында унутта калган эркиндик, улуттук сыймык, ата-бабалары, бай маданияты ж.б. жөнүндө ой толгоолор жаралгандыгы менен көрсөткөн.

Окумуштуу З.Абдурашидов [110] жадидчилик кыймылынын жаралуу тарыхын жана анын өкүлдөрүнүн Россия мусулмандарына тийгизген таасирин чагылдырган. Алар алгач мектептерди реформалоо максатында уюшулуп, кийин кадет партиясына жакын саясий партия түзүшкөндүгүн белгилеген. Орус бийлиги Гаспринскийдин бардык демилгелерине шектенүү менен, анын жактоочуларын чет өлкөлөр тарабынан каржыланган жана мусулмандар жашаган аймактарда Россиянын таасирин начарлатууну көздөшкөндөр катары караган.

Кийинки мезгилде жадидчилик кыймылын изилдеген кандидаттык, докторлук диссертациялар корголууда. Алсак, бир катар коңшу өлкөлөрдө Р.Н.Турсунов [108], Р.Р.Фахрутдинов [109], С.Б.Шадманова [110]ж.б. жаңы көз караште, жаңы фактылар менен жазылган иштери илимий чөйрөгө белгилүү болду. Кыргызстан аймагындагы жадидчилик кыймылын изилдөөдө казак окумуштуусу А.Махаеванын [67] эмгегинин мааниси зор болду. Анткени, бул эмгекте казак-кыргыз агартуучулары, коомдук ишмерлеринин биргелешкен аракеттери кеңири чагылдырылган.

Каралып жаткан теманын жогорудагы эмгектерде чагылдырылганы менен, Кыргызстан аймагындагы жадидчилик кыймылы, алардын иш аракеттери жөнүндөгү маселелер изилдөөчүлөр арасында көптөгөн талаш-тартыштарды жаратууда. Бул илимий изилдөөдө жадидчилик кыймылынын аймакта таралышы, айрыкча, жадидчилердин коомдук-саясий жана агартуу жаатындагы иштерин чагылдырууга аракет жасалды.

Диссертациялык ишти жазуудаӨзбекстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин И-461 (оп.1, д.1319, л.77; оп.1, д.1172, оп.1, д.1026) фондунун материалдары, 1911–1916-ж. 1000дей нускада Троицк шаарында жарыкка чыгып турган модернисттик “Айкап”, 1908–1917-ж. Казань шаарында татар тилинде жарыкка чыгып турган, редактору окумуштуу-журналист Риза Фахрутдинов болгон “Шура” (“Кеңеш”) журналын жана “Туркестанские ведомости” газеталары, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, Саясий документациялар борбордук мамлекеттик архивдеринин, Ысык-Көл областтык архивинин фондулары, КР УИАнын Кол жазмалар фондунун материалдары пайдаланылды. Мындан тышкары, Алдаш Молдо, Талып Байболот уулу, Канаат Ыбыке уулу ж.б. агартуучулук жаатындагы иштеринен, чыгармачылыгы жөнүндөгү КР

УИАнын Кол жазмалар фондунда сакталган маалыматтар менен таанышып чыктык.

**Экинчиглава «Жадидчилик кыймылы – жалпы түрк элдерин бириктирүү жана Түркстандагы улуттук боштондук кыймылдардын калыптануусунун башатында”** деп аталып, үч параграфтан турат. Бул главада алгач Крымда, Волга боюнда жаралып, бара-бара жалпы мусулман калкына, анын ичинде Түркстанга кеңири тараган жадидчилик кыймылы, жаңы усулдагы мектеп-медреселердин, агартуучулар – И.Гаспринскийдин, Ш.Марджанинин, Х.Файзхановдун иш аракеттери жөнүндө сөз болот. Айрыкча, И.Гаспринскийдин өмүр баяны, ишмердиги кеңири чагылдырылып, анын Түркстан аймагы тууралуу жазган эмгектери баяндалган. Татар, башкыр агартуучулары – Закир Вагапов, Шакир Мужабиров, Сабир Габдельманов, Салих Надыршин жана башкалардын кыргыз жергесиндеги жадиддик мектеп-медреселерди ачып, анда окутуучулук милдетти аркалагандыгы, ошондой эле алардын тарбиялануучулары Талып Байболот уулу, Алдаш Молдо, Ыбырай Абдрахманов ж.б. иш аракеттери чагылдырылган.

Татар жадидчилери Россия мусулмандарын падышачылык бийликтин колониялык саясатына каршы, ошондой эле маданий, агартуу иштерин биргелешип жүргүзүүгө чакырган газета-журналдарды чыгарышып, аларды мусулман калктарынын арасына активдүү жайылта башташкан. И.Гаспринскийдин өзү Орто Азияга жаңы усулдагы мектептерди ачуу идеясын таркатуу максатында эки ирет: 1893- жана 1907-жылы келип, Самарканд, Ташкент ж.б. шаарларда жаңы усулдагы мектептерди ачууга катышып кеткен. Ал эми анын ысмы Каракол шаарындагы жаңы усулдагы мектепке улуу агартуучунун көзү тирүү кезинде эле ыйгарылганы, жергиликтүү агартуучулар менен байланышын ырастап турат. Белгилүү жадидчи М.Бехбуди Гаспринский менен тыгыз байланышта болгон жана аны менен 1914-жылы Стамбулда жолуккан учурда И.Гаспринскийдин Пишпектеги жаңы усулдагы мектептердин абалы тууралуу сурагандыгын эскерген.

Казандан чыккан “Юлдуз” , Баян-Ульхак”, Оренбургдан – “Вакт” (“Убакыт”), “Маглюмат” (“Билим”), Астрахандан – “Идель”, Крымдан – “Тержиман” (“Котормочу”), Петербургдан “Ульфет” ж.б. гезиттер менен Кыргызстан аймагында да тааныш болушкандыгын көптөгөн архивдик маалыматтар далилдеп турат.  Мисалы, Каракол уездинин  Чырак айылынын тургуну, агартуучу Байболот уулу ТалыпКыргызстандын чегинен тышкары медреселерден билим алган, заманынын сабаттууларынын бири болгондугун, андан дүйнөдө эмне кеп болуп жаткандыгын билүү үчүн алыс-жакын экендигине карабастан, көп кыргыздар атайын келип-кетип турушкандыгы жөнүндө  замандаштары эскерген. Ушул сыяктуу эле маалыматтар Караколдогу медреседен билим алган Алдаш Жээнике уулу,  Саруу айылында мугалим болуп иштеген Урдолетов Жээренбай,  Сазановка кыштагындагы орус-тузем мектебинин мугалими Барикбаев Молдогазы

жөнүндө да айтылат.Айрым басылмаларга кыргыздар да макалаларын жиберип турушкан. Алсак, “Айкап” журналынын бир санына Ысмагул Макин уулунун “Пишпек уездинен” деген макаласы жарык көргөн. Анда кыргыздарда агартуу иштери аксап жаткандыгын, ошондой эле Уфадагы медресе “Галияда” Исхак Канат уулу, Нарынкул Кабиров, Ниязалы, Жакып деген балдардын окуп жаткандыгын сыймыктануу менен жазган. 1908-1917-жылдары Казань шаарында чыгып турган “Шура” журналында да өзбек агартуучусу, жадидчи Чолпондун Ош шаары жөнүндөгү макаласында шаар жөнүндөгү маалыматтар менен андагы жаңы усулдагы жана орус-тузем мектеби, китепкана жөнүндө да сөз болгон.

Түркстан аймагына жадидчилик кыймылы Махмудходжа Бехбуди, Абдурауф Фитрат, Абдухамид Сулейман (Чулпан), Мунаввар Кари Абдурашидов, Алихан Букейханов, Миржакып Дулатов, Ишеналы Арабаев ж.б. натыйжалуу иш аракеттеринин негизинде тараган. XIX кылымдын 90-жылдары Түркстан аймагында жаңы усулдагы мектептердин пайда болушуна бир кыйла жагымдуу шарттар болгон. Алар таптакыр жок жерден эле пайда болуп калбастан, көпчүлүгү мурдагы мектеп-медреселердин базасында ачылып, тез арада саны көбөйө баштаган. Аларды уюштуруучулар жана окутуучулары жаңыдан калыптанып келе жаткан буржуазия жана интеллигенция өкүлдөрүнүн катарынан чыккан.1905-жылдагы революцияга чейин чындыгында агартуу системасынын тышкары, кандайдыр бир уюмдашкан түзүм дагы болбогондугу белгилүү. Ошондуктан, бул система интеллектуалдык жаңылануунун негизи болуп калган.

1917-жылдын баш ченindeги маалыматтар боюнча, Түркстанда жүзгө жакын жаңы усулдагы мектептер болгондугу жана аларда 4000дей балдар окугандыгы белгилүү. Ал эми анын отузга жакыны Кыргызстан аймагында ачылгандыгы баяндалат. Жадидчилер И.Арабаев, М.Абдурашидханов, М.Бехбуди, А.Байтурсынов, М.Дулатов ж.б. жаңы усулдагы мектептердин окуу программасын бир калыпка келтирүү аракеттери жөнүндө кеңири сөз жүрөт.

Жадидчи агартуучу Абдулла Авлони 1905-жылы Ташкентте “Адабиет”, “Биринчи муаллим”, “Экинчи муаллим” деген окуу куралдарын чыгарган. Алар эл арасында кеңири белгилүү болуп, 1917-жылга чейин 4-5 жолу кайрадан басылган. Бул китептердин автору оозеки сүйлөөнүн, окуган учурда кыраатын келтирип үйрөтүүгө көнүл бурган. “Адабиёт ехуд миллий шерлар” (Адабият жана улуттук саясат”) кыраатты менен окууга үйрөткөн.

Мындай иш чаралардан кыргыздар да куру калбагандыгы бизди кубандырат. Көрүнүктүү агартуучу, келечектеги коомдук жана мамлекеттик ишмер И.Арабаев да (1882-жылы Кочкор болуштугунун Күнбатыш айылында туулган. 1933-жылы Ташкентте түрмөдө каза болгон) 1911-жылы Молдо Кылыч Шамыркановдун “Кысса-и зилзаласына” алгы сөз жазып, Казан шаарынан чыгарган. Кыргыз, казак балдарына арнап “Алиппе жаки төтө окуу” аттуу тунгуч окуу китебин К.Сарсекеев экөө жазып, Уфадагы “Шарк” басмасынан бастырган (1911). 1912-жылы “Жазуу өрнөктөрү” (таза

жазуунун үлгүлөрү) аттуу китепти Оренбургдан чыгарган. Ошол эле жылы “Оренбургдан Ташкенге келе жатып эскерүү” аттуу жол очерки “Айкап” журналынын №1 санына басылган. Уфадан келгенден кийин Ысыккөл, Нарын аймактарында бала окутуп, мектептерди ачкан.

Мунаввар Кари Абдурашидханов да жадид мектептери үчүн светтик жана диний багытта “Ер-юзи” (“Жер жүзү”) жана “Таджвид а” (Куранды туура окуу максатында суроо-жооп иретинде түзүлгөн) окуу куралдарын жана “Хаваиджи диния” (намаз окуу жана даарат алуу тартибин үйрөнүү), “Тарихи анбие” (Мусулманчылыктын башаты. Мухаммеддин өмүр жолу жана өлүмү), “Тарихи исламия” (“Ислам жана аны таратуучулардын тарыхы”) китептерди даярдаган. Махмудходжа Бехбуди “Алифбо мактаби исломия” (“Ислам мектебинин алиппеси”), “Махдали жуграфия умрони” (“Россия кыскача географиясы”), “Китаб уль атфоль”, “Амалиати исломия”(“Ислам эрежелеринин негизи”), “Мухтахаби жуграфия умуми” (“Жалпы географиянын тандалмалары”) окуу куралдарын, Түркстан, Бухара, Хиванын карталарын даярдап, бастырып чыгарган. М.Бехбуди өз эмгектеринде Мухаммед пайгамбардын хадистерине түшүндүрмө берүү менен, Курандын көпчүлүк бөлүгү тарыхый маалыматтардан турарын жана аларды толугу менен мусулмандарга түшүндүрүү максатында динчилердин, молдо-эшендердин жаңы муунун тарбиялоо керектигин көрсөткөн. М.Бехбудинин ишмердүүлүгүнө ошол мезгилдеги Бухарадагы жадидчилер уюмунун жигердүү өкүлдөрүнүн бири Файзулла Ходжаев: ага бир дагы түркестандык жадидчилердин ичинен саясий, коомдук ишмердүүлүгүнө жана билиминин тереңдигине тең келе ала турган адам жок, деп өтө жогору баа берген. Ошол эле эмгекте анын бир нече революциялык мүнөздөгү пьесалардын автору, “Ойна” журналын чыгаргандыгы жана анын редактору, өзбектердин ичинен чыккан белгилүү коомдук ишмер экендигин жана 1917-жылы Карши шаарында эмир тарабынан дарга асылгандыгы жөнүндө жазган. Анын замандашынын жазган эмгегинен жадидчилердин ишмердүүлүгүнөн көп маалыматтарды алсак болот.

Казак элинин агартуучусу, акыны, коомдук ишмер Ахмет Байтурсынов (1873-1938), Мыржакып Дулатов, Магжан Жумабаев ж.б. жаңы усулдагы мектептерди ачышып, ошол мезгилдеги агартуучулар сыяктуу эле иштерди жүргүзүшкөн. А.Байтурсынов 1912-жылы “Окуу куралы” деген китебин чыгарган, ал кийин (1912-1925-жылдар аралыгында) жети жолу кайрадан басылгандыгы анын баалуулугунан кабар берет.

Совет бийлиги орногондон кийин деле кыргыз мектептеринде А.Байтурсуновдун “Тиль курал” (казак тилинде), М.Дулатовдун арифметика боюнча окуу китеби, Б.Курбангалиевдин “Хисаб масалелери” (арифметика боюнча башталгыч класстар үчүн окуу китеби), Г.Ибрагимовдун “Рахбар субаян” (окуу китеби) пайдаланылган.

Казак элинин агартуучусу, жадидчи Мыржакып Дулатов (1885-1935) 1902-жылдан тартып агартуу тармагында иш жүргүзө баштаган. 1911-жылы

анын “Кирагат”, 1914-жылы “Есеп курал” аттуу окуу куралдары жарык көрүп, Жети-Суу жана Сыр-Дарыя аймактарында колдонулган.

Жадидчилердин басма сөз органдары “Тержиман”, “Таракки”, “Айкап”, “Вакт” ж.б. газета-журналдар жөнүндө, алардын Кыргызстандын аймагында таралышы, алардын беттеринен Кыргызстан аймагы, андагы агартуу иштери жөнүндө да макалалар жарык көрүп тургандыгы айтылат. Алсак, Казакстан аймагында чыгып турган, Жети-Суу калкына кеңири белгилүү болгон Айкап” журналына жарыяланган Нуралдин Малагазиндин катында казак-кыргыз калкында ачылган жаңы усулдагы медреселер тууралуу жазып келип, алардын катарында “Шабдан Жантай уулунун он беш миң сомдой каражатка мечит салдырды. Исамидин деген улуу баласы өзүнүн бир нече миң сомдук үйүн медресеге арнады. Бир миң сомго эки мугалим алдырып, төтө окуу менен эки жүздөй бала окутулууда” деп белгилеген. Автор ошондой эле Канат Ыбыке уулунун мектеби жөнүндө да жазат: “кыргыздын төрөлөрүнөн Канат ажы 4-5 миң сомдой каражатка медресе салдырып, алты жүз вазипа менен бир мугалим алдырып, төтө окуу менен жүзгө жакын бала окуттурду. Өз улусунан беш баланы Уфадагы медресе Галияга жиберди”. Ал эми казактардан: Абдулла Азирет Душпанов, Темир Молдогазы Халмухамедов, Мамановдун медресеси жөнүндө да маалымат берген. Бул маалыматтар ошол мезгилдеги казак-кыргыз элинде ачылган жаңы усулдагы мектептер жөнүндө кабар берет. Автор жаңы усулдагы окуу процесси менен жакшы тааныштыгын, анын мектептерди сыпаттагандыгынан көрүнүп турат. Экинчиден, кыргыз калкында ачылган мектеп-медреселердин кадыр-баркы кыйла жерге кеткендигин көрсөтүүдө.

XIX кылымдын аяк чени – XX кылымдын башында Орто Азиядан Казань, Оренбург, Уфа шаарларындагы жаңы усулдагы татар мектеп-медреселерине билим алууга келген жаштардын саны өсө баштаган. Алардын ичинде Уфадагы “Галия” медресесин көптөгөн кыргыздын билимдүү адамдары аяктаган. Алсак, Мамбеталы, Надыркул, Токтоналы Чынгышев, Исхак Канатов, И.Арабаев, О.Сыдыков, К.Шабданов ж.б.

“Галия” медресеси Россия мусулман окуу жайларынын алдыңкыларынын бири катары эсептелген. Медресенин тарбиялануучулары “Парлак”, “Анг” жана “Без” (татар-башкыр жердешчилиги), “Садак” (казак-кыргыз жердешчилиги) аттуу гезит-журналдарды чыгарышкан, адабий-музыкалык кечелерди өткөрүшкөн. Алар өз эне тилинде китептерди чыгарышып, котормолор менен алектене башташканы ошол мезгилдеги агартуучулар үчүн чоң жетишкендик катары эсептелет.

**Үчүнчү главасы “Кыргызстандагы жадидчилердин коомдук-саясий жана агартуучулук иш аракеттери”** деп аталган. Бул главада Кыргызстан аймагындагы жадидчилердин иш аракеттери, Шабдан Жантай уулунун петициясы, Жети-Суу областынын мусулмандарынын биринчи съезди, казак-кыргыз мусулмандарынын Узун-Агач съездинин мисалында, архивдик материалдардын, ошол мезгилде чыгып турган “Туркестанские ведомости” газетасынын негизинде таасын чагылдырылган. Түркстан

аймагында жадидчилердин жүргүзгөн иш аракеттери Кыргызстан аймагында да өз жемишин берген. Албетте, саясий кыймыл Кыргызстанда башка жерлерге караганда бир аз солгун болсо да, жадидчилер саясий, агартуу иштерин жүргүзүшкөн.

Улуттук саясий маселелерди чечүүдө Түркстан улуттук интеллигент элитасынын биргелешкен аракеттери биринчи орус революциясынын тушунда жана андан кийинки кездерде ачык көрүнгөн. Ушул учурда бийлик органдарына империянын чет жакаларынан улуттук-саясий маселелерге тийиштүү петицияларды жолдоо күч алган. 1905-1906-жылдары борбордук бийлик органдарына империянын түрк-мусулман элдеринин атынан 500дөн ашык петиция келип түшкөн. Ошондой петициялардын бири –Жети-Сууобластынын кыргыз, казактарынын атынан Министрлер комитетинин төрагасы, граф М.Ю.Виттеге кыргыз манабы Шабдан Жантаев тарабынан уюштурулган илимий чөйрөдө “Шабдан Жантаевдин петициясы” аталган кайрылуу. Петиция 11 пункттан туруп, дин башкармалыгын (муфтий) ачуу, муфтийликке вакуфтук жерлердин берилиши, кыргыз, татар ж.б. чыгыш тилдеринде гезит-журнал, китептерди чыгарууга жана аларды эркин сатууга уруксат берүү жана жер маселеси каралып, анда орус чарбаларынын конуш оодарышы токтотулсун деген талаптар коюлган. Буга чейин 1905-жылы Жети-Суу областынын Верный, Копал, Жаркент, Лепсин, Пржевальск жана Пишпек уезддеринин кыргыз-казактары тарабынан Шабдан Жантай уулуна Петербургда Императорго, жогорку бийликтегилерге диний (мечит, медреселерди куруу), жер ж.б. зарыл маселелер боюнча кайрылууга Ишеним кат беришкен. Бул ишеним кат казак-кыргыз элинин ичинде Шабдан Жантай уулунун аброюн жана петицияга өтө олуттуу карашып, аны мүмкүн болушунча мыйзам чегинде кароого аракет кылгандыгын айгинелеп турат. Шабдан Жантай уулунун Кемин жергесинде жаңы усулдагы медресе ачып жана атайын мугалимдерди чакырткандыгы, анын Түркстан аймагындагы жадидчилер менен байланышынындалили.

Дагы бир кыргыздын белгилүү инсаны, жадидчилик кыймылынын өкүлү Дүр Сооромбай уулу Сайлык кыштагында адеп жаңы усулдагы мектеп ачкан. Аны Санкт-Петербургга Пишпек уездинин кыргыздарынын атынан Көчүрүү башкармалыгынын аракеттерине каршы арыздарды алып баруучу өкүлдүн бири катары (экинчиси Б.Сыртанов) 1912-жылы Узун-Агач съездинде ишеним көрсөтүлгөн. Бирок бул аракеттер бийликке билинип калып, ал сапарга чыга албай калган. Кыргызстандын мусулмандары Түркстан аймагындагы коомдук-саясий иштерге активдүү катышып турушкан. Алсак, 1906-жылы Верный шаарында 300дөй адам катышкан Жети-Суу областынын мусулмандарынын биринчи съездине Токмоктогу Экбалия” медресесинин мударриси Закир Вагапов (съезддин төрагасы), пишпектик адвокат Ахматбек Койбагаров (катчы) катышып, бул съездде Түркстан аймагында бардык мусулман жамааттарынын өкүлдөрү катышкан мусулман диний жыйынын уюштуруу, муфтий, шейх-уль-исламдар, кадилер, имамдар ж.б. администрация менен эмес, эл тарабынан шайланып, диний жыйын аркылуу

бекитилиши, китепканаларды ачуу, медреселерди куруу, реформалоо жөнүндө резолюция кабыл алынган. Бул саптардан съезддин катышуучуларынын реформалык, жадиддик духу таасын байкалып турат. Съезддин жүрүшү “Туркестанские ведомости” газетасынын 1906-жылы 6-майдагы 69-санында толугу менен чагылдырылган.

Түркстан генерал-губернаторуна 1914-жылга октябрь айына карата берилген отчетто: «аймакта эл арасында «Гап» деп аталган кечелер өткөрүлө тургандыгы жана алардын 15-30 чакты мүчөлөрү бар” экендиги жана ушундай эле уюмдар Жети-Суу, Фергана ж.б. областтарда, ал эми Верныйда уюмдар 10дон ашык деп белгиленген. Жадиддер бул гаптарда активдүү катышып, жума аралыгындагы саясий маселелер, жаңы усулдагы мектептерди ачуу, кайрымдуулук көрсөтүү маселелери талкууланган. Ташкенттеги прогрессивдүү гаптардын ичинен Мунаввар Кары, бир тууган ага-инилер Убайдулла жана Баширулла Ходжаевдер, Абдулла Авлони ж.б. катышкан гаптар падышалык администрацияга белгилүү болгон. Ж

Ушундай эле “Гап” же “Машраб” аталган топтор Кыргызстан аймагында да уюшулган. Падышалык күзөт бөлүмүнүн маалыматтары боюнча, Токмоктогу “Гап” тобунун башында Гали Токтаров, ийримдин мүчөлөрү: Азиз жана Якуб Садырбаевдер, Сыдык Кенжетаев, Шамен Давлетов, Галия Узбеков, Ибрагим Мурзабаев, Абдуазиз Игамбердиев, Закир Вагапов ж.б. 41 адам болгондугу көрсөтүлгөн. Алар падышалык администрациядан Пишпек жана Токмок шаарларында “кайрымдуулук коомдорун” уюштурууну суранышкан. Закир Вагапов Стамбулда уюшулган “Тараки-ислам” коомуна да салым кошкон. Алар жалпы россиялык мусулмандардын кыймылдарына да тартыла башташкан. Алсак, 1906-жылы Нижний Новгород шаарында 800гө жакын делегат катышкан Бүткүлроссиялык мусулмандардын үчүнчү съездине Жети-Суу областынан эки өкүл – кыргыз А.Койбагаров жана Пишпек уездинин казагы Ы.Дабылбаев барышкан.

1910-жылдагы жашыруун билдирүүдө Жети-Суу областындагы казак-кыргыздардын саясий кыймылына Тымбай Серикбаев, Найзабек Тулин, Дүр Сооромбаев, Мамбетаалы Мураталин, Ибрагим Жайнаков, Эшмухаммед Аблайханов сыяктуу интеллигент өкүлдөр катышып жаткандыгы берилген.

Демек, кыргыз жергесиндеги жадидчилик кыймылын көпчүлүк менен катар Шабдан Жантай уулу, Канат Ыбыке уулу, Дүр Сооронбай уулу ж.б. белгилүү манаптар, Галия Узбеков, Азиз жана Якуб Садырбаевдер, Сыдык Канжетаев, Шамен Давлетов, Ибрагим Мурзабаев, Абдуазиз Игамбердиев ж.б. буржуазия өкүлдөрү колдошуп, жадиддик “Гап”, “Машраб” уюмдарын уюштурушуп, алардын иштерине активдүү катышкандыгын баамдай алдык.

Экинчи параграфында Кыргызстан аймагындагы жадиддик мектептер, аларда иштеген агартуучулар Ыскак Канат уулунун, Айдаркан Жолиндин, Ишенаалы Арабаевдин, Абдылда Абдыкалыковдун, Тоголок Молдонун, Авылкайдын иш-аракеттери жөнүндө сөз болот. Ал эми мектеп-медреселерди Шабдан Жантай уулу, Канат Ыбыке уулу, Чыныбай уулу

Баракан, Байгазы манап, Саке, Жийдебай деген манаптар, Дүр Сооронбай уулу сыяктуу бай адамдар ачкандыгы көрсөтүлгөн.

Ал эми үчүнчү параграфы кыргыз улуттук билим берүү системасынын башатында турган агартуучулар Ишенаалы Арабаев, Каюм Мифтаков, Осмонаалы Сыдыков, Тоголок Молдо, Мүсүралы Копобаев, Алдаш Молдо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Саясий документациялар архивинин, Кыргыз Республикасынын УИАнын Кол жазмалар фондусунун, КР Борбордук мамлекеттик архивинин материалдарынын негизинде маалыматтар берилгендиги менен баалуу. Бул параграфта алар жалаң эле агартуучулук менен гана алектенбестен, ошондой эле коомдук-саясий иштерге да активдүү катышып, көркөм чыгармаларды да жаратышып, кийинки муунга баалуу мурас калтырышкандыгы жөнүндө айтылат. Алардын көркөм чыгармалары жөнүндө да сөз болгон. Кыргызстан аймагындагы жаңы усулдагы мектептер кыргыз интеллигенциясынын калыптануусуна чоң салым кошкон жана жадидчи агартуучулар коомдогу социалдык-саясий, экономикалык жагдайды жакшыртууга аракеттенишкендиги айтылат. Алар Кеңеш бийлиги орногондон кийин да саясий, маданий ишмердүүлүктөрүн улантышкан. Тилекке каршы, алардын көпчүлүгү ак жерден саясий куугунтукка кабылышкандыгы белгилүү.

Бул фактылар жадидчилик кыймылын жергиликтүү коомчулук жана кыргыздын таасирлүү Шабдан Жантай уулу, Дүр Сооромбай уулу, Канат Ыбыке уулу сыяктууманаптары жана жаңыдан пайда болгон Галия Узбеков, Азиз жана Якуб Садырбаевдер, Сыдык Канжетаев, Шамен Давлетов, Ибрагим Мурзабаев, Абдуазиз Игамбердиев, Закир Вагапов, Ахматбек Койбагаров сыяктуу буржуазия өкүлдөрү кызуу колдошкондугун жана Кыргызстандын коомдук-саясий, маданий турмушуна зор таасирин тийгизген бул прогрессивдүү кыймылдын калыптанышына жана өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкондугун таасын далилдеп турат.

Диссертациянын **корутунду бөлүмүндө** XIX кылымдын аяк чени – XX кылымдын башындагы жадидчилик кыймылы Россиянын курамындагы жалпы эле мусулман элдеринин, алардын катарындагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда улуттук-боштондук кыймылдарынын жаралышына түздөн-түз таасирин тийгизгендиги белгиленген.

Бул илимий изилдөөнүн материалдарын талдоо менен төмөндөгүдөй **жыйынтык** чыгарса болот:

- XIX кылымдын аяк чени – XX кылымдын башындагы жадидчилик кыймылы Түркстандын, алардын ичинде Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда улуттук-боштондук идеологиясынын калыптанышына түздөн түз себепкер болгон. Бул прогрессивдүү кыймылдын негиздөөчүлөрү – И.Гаспринский, Ш.Маржани, А.Ибрагимов, М.Абдурашидханов, М.Бехбуди, А.Фитрат ж.б. иш аракеттери менен Кыргызстан аймагында да кабардар болуп турушкан.

- Бийлик тарабынан жүргүзүлгөн куугунтуктоолорго карабастан, көрүнүктүү татар педагогдору Г.Рафики, С.Габдельманов, Н.Мулла-Газин, З.Вагапов, К.Мифтаков, Н.Мамин ж.б. кыргыз жергесинде эмгектенишип, жаштарды тарбиялоого эбейгейсиз зор салым кошушкан. Көптөгөн агартуучулар совет бийлиги орногондон кийин да советтик мектептерде педагогдук ишмердүүлүгүн улантышып, аймактын миңдеген жаштарына билим беришкен.
- Түркстан аймагында XX к. баш ченинде 100гө жакын жаңы усулдагы мектеп-медреселер, ал эми Кыргызстанда 30га жакын мектеп ачылган.
- Бул мезгилде улуттук кыймылдын жандануусу жана саясий уюмдардын түзүлүшү абдан маанилүү болгон. Бул айрыкча, Россиядагы 1905-жылдагы революциядан кийин күч алып, коомчулукта улуттук интеллигенциянын алгачкы өкүлдөрү пайда болуп, алар түрк элдерин бириктирүү идеялары менен чыгышкан.
- “Гап” же “Машраб” деп аталган жадиддик топтор Кыргызстандын да аймагында уюшулган. Анда ийримдер же топтордун мүчөлөрү жума сайын бейшемби же жума күндөрү чогулушкандыгын, анда болуп өткөн окуялар кызуу талкууланып, пикир алышкан, улуттук маанайдагы адабияттар, каттар ж.б. окулуп, талкуулашкан. Токмоктогу ийримде: Азиз жана Якуб Садырбаевдер, Сыдык Канжетаев, Шамен Давлетов, Гали Узбеков, Ибрагим Мурзабаев, Абдуазиз Игамбердиев ж.б. 41 адам мүчө болушкан.

**Практикалык сунуштар**

Кыргызстан аймагындагы жадидчилик кыймылынын маселелерин тереңдетип изилдөө максатында төмөндөгүдөй иш чаралар сунушталат:

- жадидчилик кыймылы, анын Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы иш аракеттери жөнүндө жаңы маалыматтарды издөөнү активдештирүү;
- Кыргызстан аймагындагы жадидчилердин, агартуучулардын эмгектерин, таржымалын изилдөөнү улантуу, изилдөөлөрдүн жыйынтыгын адабиятчылар, философдор менен биргелешип, серия түрүндө жарыкка чыгаруу;
- жадидчилик кыймылын изилдөөдө Түркия, Өзбекстан, Казакстан, Татарстан, Башкортостан республикаларынын окумуштуулары менен байланыш түзүп, биргелешкен изилдөө иштерин жүргүзүү; алардагы архивдик материалдар менен кененирээк таанышуу;
- учурда ислам маданиятын, тарыхын окуткандарга (медреселерде) жадидчилик кыймылынын тарыхын, Кыргызстандагы жадидчи агартуучулардын эмгектерин да окутууну сунуштоо.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**


1. Кубатова, А.Э. Кыргызстандагы жадид мектептери (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)[Текст]/А.Э.Кубатова// Вопросы истории Кыргызстана. Институт истории и культурного наследия НАН КР. – Бишкек, 2009. - №4. – 5-11-б.
2. Кубатова, А.Э. Улуу акын Тоголок Молдо – жаңычыл агартуучу[Текст]/А.Э.Кубатова // Тоголок Молдонун көп кырдуу көркөм дүйнөсү (Жазгыч акын жана агартуучу Тоголок Молдонун 150 жылдык маарекесине арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары). – Бишкек, 2011.- 90-94-б.
3. Кубатова, А.Э. Кыргызстандагы алгачкы окуу жайлар[Текст]/А.Э.Кубатова // Шабдан баатырдын медресесине – Тар-Суу мектебине 100 жыл (тарыхый маалыматтар, очерктер жана эскерүү, ой-толгоолор). – Бишкек, 2009. - 24-32-б.
4. Кубатова, А.Э. XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы саясий жана агартуучулук кыймылы[Текст]/А.Э.Кубатова // Эгемендүү Кыргызстанга 20 жыл. Суверенному Кыргызстану 20 лет (КРнын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына арналган конференциянын материалдары) – Бишкек, 2011.- 223–304-б.
5. Кубатова, А.Э. Гаспринский Исмаил[Текст]/А.Э.Кубатова //Кыргыз улуттук энциклопедиясы. - 2-т. – Б., 2007. – 599-б.
6. Кубатова, А.Э. Жадидизм[Текст] /А.Э.Кубатова // - Кыргыз улуттук энциклопедиясы. Т.3. – Бишкек, 2011. – 219-б.
7. Кубатова, А.Э. Жадид мектептери[Текст]/А.Э.Кубатова // – Кыргыз улуттук энциклопедиясы. Т.3. – Б., 2011. – 219-220-б.
8. Кубатова, А.Э. Шабдан баатыр жана жадидизм (жаңылануу) кыймылы Шабдан баатыр жана жадидизм (жаңылануу) кыймылы[Текст]/А.Э.Кубатова // Вестник Международного университета Кыргызстана. - №1(20). – Бишкек, 2011. - 155-159-б.
9. Кубатова, А.Э. Распространение идей джадидского движения в Кыргызстане и джадидские школы в начале XX века[Текст]/А.Э.Кубатова //Историческое пространство. Проблемы истории стран СНГ. – Москва: Наука, 2011.- С.192-203.
10. Кубатова, А.Э. Эки доордун элдик агартуучусу – И.Арабаев[Текст]/А.Э.Кубатова // Вестник Кыргызского государственного университета им.И.Арабаева.- №3. – Бишкек, 2012.- 99-101-б.

11. Кубатова, А.Э. Первый съезд мусульман Семиреченской области: цели, задачи и результаты (31 марта – 1 апреля 1906 г.)[Текст]/А.Э.Кубатова // Вопросы истории Кыргызстана. – №2-3. – Бишкек, 2012. – С.23–27.
12. Кубатова, А.Э. Роль джадидского движения в формировании и становлении национальной интеллигенции Кыргызстана в начале XX века[Текст]/А.Э.Кубатова //“Научный мир Казахстана”. – №3(43). – Шымкент, 2012.
13. Кубатова, А.Э. Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900–1916)[Текст]/А.Э.Кубатова // – Бишкек, 2012. – 200 б.

**Кубатова Айида Эсенкуловнанын “Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы: жадидчилердин коомдук-саясий, маданий жана агартуучулук иш-аракеттери (1900-1916-ж.)” деген темада 07.00.02. – Ата мекен тарыхы, тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: жадидчилик, жадид мектептери, кадими, Түркстан,агартуу, коом, маданият,мектеп-медресе.

**Изилдөөнүн объектиси**–1900-1916-ж. Кыргызстандагы жадидчилердин коомдук-саясий, агартуу жана маданий иш аракеттери.

**Изилдөөнүн максаты -** Кыргызстандагы коомдук-саясий жадидчилик кыймылы, анын кыргыз коомундагы ролун, жаңы усулдагы мектептердин артыкчылыгын, билим берүүнүн башатында турган агартуучулардын иш аракеттерин ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн методологиясы -** изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый салыштырмалуулук, тарыхый системалуулук, анализдөө, талдоо ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы -** Кыргызстандын тарыхында жадидчилик кыймылы алгач ирет системага салынып жана изилденди, бул прогрессивдүү кыймылдын маңызы, жадидчилердин иш аракеттери даректүү тарыхый жана архивдик материалдардын негизинде чагылдырылгандыгында.

**Иштин теориялык жана практикалык мааниси:** илимий эмгектин маалыматтарын жана жыйынтыктарын атайын курстарды, окуу-усулдук колдонмолорду, илимий эмгектерди даярдоодо пайдаланууга болот. Бүгүнкү күндө диний билим берүүнү реформалоого жана заманбап билим берүүчү сабактарды диний окуу менен катар окутууда жадидчилердин тажрыйбасын

пайдалануу оң натыйжа бере алат. Жадидчилердин улуттук баалуулуктарды сактоого, прогресске умтулуу, Европа өлкөлөрүнүн жетишкендиктерин пайдалануу далалаттарын учурда толугу менен пайдаланса болот.


## РЕЗЮМЕ

**диссертацииКубатовой Айиды Эсенкуловны на тему «Джадидизм в Кыргызстане: общественно-политическая, культурно-просветительская деятельности джадидов (1900-1916)" на соискание ученой степени кандидата наук по специальности 07.00.02- Отечественная история**

**Ключевые слова:**джадидизм, новометодные-джадидские школы, Туркестан, просвещение, общество, культура, школы-медресе.

**Объектом исследования** являетсяобщественно-политическая, культурно-просветительская деятельность джадидов в Кыргызстане в 1900-1916 гг.

**Цель исследования**: системно и хронологически последовательно раскрыть процесс формирования джадидизма в Кыргызстане, его роль в кыргызском обществе, лучшие традиции новометодных школ, также деятельность просветителей, которые стояли у истоков образования и науки.

**Методы исследования**–в ходе исследования были использованыметод сравнительного анализа, сравнительно-исторический, историко-системный и др.методы

**Научная новизна исследования** – впервые в истории Кыргызстана систематизировано и исследовано джадидское движение, его суть, особенности и проблемы деятельности джадидов на основе документальных исторических и архивных материалов.

**Научно-практическая значимость** диссертации: результаты и материалы исследования могут быть использованы при подготовке спецкурсов, методических рекомендаций и научной работы. Использование опыта джадидов преподавания светских дисциплин наряду с религиозными дисциплинами и религиозного образования может принести положительные результаты. Сегодня можно с уверенностью использовать результаты практики джадидов, их стремления к прогрессу и применения достижений европейских стран, сохранение национальных ценностей.

## SUMMARY

**dissertation of Kubatova Ayida Esenkulovna on the subject "Jadidism in Kyrgyzstan: socio-political, cultural and educational activities Jadid (1900-1916)" for the degree of candidate of sciences, specialty 07.00.02-Native history**

**Keywords**: jadidism, new metod-Jadid schools, Turkestan , enlightenment, culture, society, cuture, schools- madrassas.

**The object of the study** is the socio-political, cultural and educational activities Jadid in Kyrgyzstan 1900-1916 yy.

**Objective**: a systematic and chronological sequence to reveal the formation jadidism in Kyrgyzstan, its role in Kyrgyz society, the best traditions novometodnyh schools, as the activities of educators who were pioneers of education and science.

**Methods of research**– the study used the method of comparative analysis, comparative-historical, historical, systemic and other methods

**Scientific novelty of the study**– the first time in the history of Kyrgyzstan and systematically investigated Jadid movement, its essence, characteristics and problems of the Jadid based on historical documentary and archival materials.

**Scientific and practical significance** of the thesis results and study materials can be used in the preparation of special courses, guidelines and research. Using the experience of teaching secular subjects Jadid, along with religious subjects and religious education can bring positive results. Today, we can use the results of the practice Jadid, their aspirations for progress and achievements of the European countries, the preservation of national values.